**Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы билим берүү уюму - эксперименталдык аянтча жөнүндө Жобо**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын алдындагы эксперименталдык аянтча жөнүндө Жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнүн 46-абзацынын жана 12-беренесинин негизинде Кыргыз Республикасынын концептуалдык жана стратегиялык документтеринде белгиленген милдеттерди ишке ашыруу үчүн иштелип чыкты.

2. Жобо Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы билим берүүчү эксперименталдык аянтчасынын (мындан ары – эксперименталдык аянтча) базасында киргизилип жаткан системалык инновацияларды, инновациялуулук режимди түзүү жана колдоого алуу ишмердигинин укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктайт.

Эксперименталдык аянтчанын ишмердигинин педагогикалык жана башкаруучулук негиздери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) максаттары, дидактикалык мамилелери, мазмуну, уюштуруучулук структурасы менен айырмаланган жаңы билим берүүнүн моделдерди, педагогикалык технологияларды жана билим берүү программаларын түзүүгө багытталган педагогикалык демилгелер;

2) билим берүү уюмдарындагы башкаруунун жана жетектөөнүн инновациялык моделдери жана/же элементтери.

3. Ушул Жобонун негизинде Кыргыз Республикасынын билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилүүчү ишмердүүлүктүн түрдүү багыттарын ишке ашыруучу эксперименталдык аянтчалардын иши жөнүндө Нускамалар иштелип жатат.

4. Эксперименталдык аянтчаны (эксперименталдык аянтчаларды) бардык деңгээлдеги билим берүүчү уюмдарда түзүүгө болот.

## 2. Эксперименталдык аянтчалардын ишмердигинин түрлөрү жана негизги багыттары

5. Эксперименталдык аянтчалардын ишмердигинин багыттары жаңы билим берүү практикасын жаратуу, педагогикалык демилгени ишке

ашырууда укуктук жана уюштуруучулук-экономикалык шарттарды иштеп чыгуу жана апробациялоо үчүн Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыктарын эске алуу менен аныкталат.

6. Эксперименталдык аянтчалар төмөнкүлөрдү иштеп чыгууга жана апробациялоого арналган:

1) окуучулар жана студенттерге заманбап ой жүгүртүү жана ишмердик ыкмаларына ээ болууга мүмкүнчүлүк берген билим берүүнүн жаңы мазмунун жана окутуунун ыкмаларын/технологияларын иштеп чыгуу жана апробациялоо;

2) билим берүүнүн жаңы методологияларын иштеп чыгуу;

3) санариптик (электрондук) билим берүүнү ишке ашыруунун ыкмаларын жана мамилелерин;

4) мектеп окуучуларын профильдик окутуунун мазмунун жана аны уюштуруунун жаңы формаларын;

5) атайын мектептердеги/предметтерди тереңдетип окутуучу мектептердеги билим берүүнүн тереңдетилген мазмунун иштеп чыгуу;

6) билим берүүнүн бардык деңгээлинде окутуу-тарбиялоо ишинин жаңы формасын уюштурууну;

7) билим берүүнүн бардык деңгээлдеринде баалоонун ыкмаларын жана формаларын иштеп чыгуу;

8) окуучуларды жана студенттерди өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды камсыздоочу билим берүүнү башкаруунун жаңы моделдерин жана билим берүү уюмдарынын уюштуруучулук түзүмдөрдүн иштөө тартибин иштеп чыгуу;

9) билим берүү уюмдарынын ишмердүүлүгүн каржылоонун жаңы формаларын иштеп чыгуу.

## 3. Эксперименталдык аянтчалардын ишмердигин уюштуруу

7. Эксперименталдык аянтчаларды түзүүнүн демилгечиси болуп билим берүү уюму, райондук (шаардык) билим берүү башкармалыгы (бөлүмү), билим берүү жаатындагы башкаруучу мамлекеттик орган саналат. Педагогикалык демилгени тариздөө үчүн билим берүү уюму же/жана билим берүүнү башкаруучу аймактык орган аркылуу каттоо үчүн билим берүү уюмуна же райондун/шаардын өзүнчө бир билим берүү уюмун же бир катар билим берүү уюмдарына эксперименталдык аянтча статусун алууну жөнүндө №1 тиркемеге ылайык толтурулган арызды билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берет.

8. Эксперименталдык аянтчаларды түзүү боюнча арызды кароо үчүн негиз болуп 6-пунктта бекитилген ишмердиктин бир же бир катар багыттарынын, ошондой эле аларды ишке ашыруу үчүн уюштуруучулук жана кадрдык жактан камсыздоочу шарттардын болуусу саналат.

9. Өтүнмө төмөнкүлөрдү камтууга тийиш:

Эксперименталдык ишмердүүлүктүн багыты же багыттары; эксперименттин негизги идеялары; күтүлүүчү натыйжалар; ишмердүүлүктүн программасынын долбоору (концепциясы); азыркы учурдагы билим берүү системасын же анын элементтерин өзгөртүүнүн мүнөзү жана чектери; окуу планы жана эксперименталдык программалар; инновацияларды ишке ашыруунун шарттары; экспериментти кадрлык, экономикалык, материалдык-техникалык жана илимий жактан камсыздоо боюнча алдын ала эсептөөлөр. (№2 тиркеме).

10. Өтүнмөнү экспертизалоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Билим сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар борборунун (мындан ары – Баалоо борбору) базасында жүргүзүлөт. Экспертизалоо Баалоо борбору тарабынан иштелип чыккан билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын буйругу менен бекитилген экспертиза жүргүзүү регламентине ылайык жүргүзүлөт.

11. Өтүнмө алынгандан кийин бир жуманын ичинде Баалоо борбору тарабынан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйругу менен бекитилген Стандарттар жана билим берүүнүн сапаты боюнча Координациялык кеңештин базасына кирген, компетенттүү эксперттерден турган эксперттик комиссия түзүлөт.

12. Эксперттик комиссия ар бир өтүнмө боюнча экспертиза жүргүзүү үчүн 3 жумалык мөөнөткө түзүлөт. Эксперттик комиссия анын курамына билим берүү жаатындагы 5тен кем эмес эксперт киргенде чечим кабыл алуу укугуна ээ болот.

13. Эксперттик комиссия чечим кабыл алынгандан кийин, үч жумуш күндүн ичинде өз ишинин жыйынтыктарын жазуу түрүндөгү корутунду катары иштеп чыгат жана билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын Коллегиясында (мындан ары – Коллегия) кароо үчүн билим берүү тармагындагы ыйгарым укуктуу органга жиберилет.

14. Коллегия карап чыккандан кийин билим берүү уюмуна эксперименталдык аянтча статусу ыйгарылат (же өтүнмө кабыл алынбайт). Коллегиянын чечими билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органынын буйругу менен таризделет.

15. Эксперименталдык аянтча статусу берилгенден кийин билим берүү уюмуна бул статусту тастыктаган, аныкталган үлгүдөгү тастыктама тапшырылат. Тастыктамалардын типтери билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органы тарабынан иштелип чыгат жана анын буйругу менен бекитилет.

## 4. Эксперименталдык аянтчанын укуктары жана милдеттери

16. Эксперименталдык аянтча тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу:

1) билим берүүнүн мазмунуна (программаларды өзгөртүүнүн жана билим жана тарбия берүү процессиндеги окуу жана методикалык материалдарды колдонуунун эсебинен) билим берүү уюмунун кызматкерлери жана/же эксперттер тарабынан иштелип чыккан өзгөртүүлөрдү. Мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү уюмдардын деңгээлиндеги билим берүүнүн мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр райондук билим берүү бөлүмүнүн окуу-методикалык кеңеши тарабынан, башка деңгээлдерде – окуу жайдын жетекчилиги тарабынан бекитилет. Ыңгайлаштырылган/автордук программалардагы пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалар билим берүү стандартында каралган талаптардан төмөн болбошу керек.

2) базистик окуу планына, өздөрүнүн окуу планын/эксперименттин түрдүү типтери (предметтердин тизмеси жана сааттардын саны) үчүн окуу пландарын иштеп чыгуунун эсебинен өзгөрүүлөр, окуу планын/пландарын ишке ашыруу стратегияларын жана ишке ашыруу ыкмаларын тандоо, айрым предметтерди интеграциялоону же кошумча предметтерди киргизүүнү кошуп, чөгөрүү методикасын же башка методикалык мамилелерди колдонуу. Мектепке чейинки жана жалпы билим берүүчү уюмдардын деңгээлиндеги билим берүүнүн мазмунуна киргизилген өзгөртүүлөр райондук билим берүү бөлүмүнүн окуу-методикалык кеңеши тарабынан, башка деңгээлдерде – окуу жайдын жетекчилиги тарабынан бекитилет.

Окуу планындагы пландаштырылган өзгөрүүлөр Мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген максималдуу жол берилген чектеги сааттык жүктөмдүн алкагында түзүлүшү мүмкүн; белгиленген жүктөмдүн алкагынан чыгып кетүү жөнүндө чечим билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча кабыл алынат.

3) билим берүү уюмунун – эксперименталдык аянтчанын уюштуруучулук түзүмүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү, анын ичинде окуу-тарбия берүү комплекстерин түзүүнүн жана ар түрдүү деңгээлдеги кесиптик билим берүү уюмдарынын өз ара аракеттенүүсүнүн эсебинен;

4) уюмдун – эксперименталдык аянтчанын иштөө тартибине (окуу сабактарын уюштуруунун жаңы формаларын, окуу сабактарынын жаңы жүгүртмөлөрүн, класс/окуу тайпаларын комплектөөнүн жаңы принциптерин, педагогикалык жамааттын ишинин жаңы формаларын, билим берүү уюмдарын жетектөөнүн жаңы ыкмаларын киргизүү ж. б.)

5) өзгөчө билим берүү керектөөлөрү менен окуучуларды камтыган педагог менен окуучулардын иштөө ыкмаларына, алардын өз ара аркеттенүүсү жана кызматташуусуна өзгөртүүлөрдү киргизүү;

6) тарбия берүү иштеринин мазмунуна жана формаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү;

7) штаттык жугүртмөгө өзгөртүүлөрдү киргизүү;

8) эксперименталдык аянтчада жүргүзүлгөн иштерди каржылоо ыкмаларына жана адистердин эмгек акысын төлөө ыкмаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү;

9) эксперименталдык аянтчаны кадрлар менен камсыздоодо даярдоо жана кайрадан даярдоо ыкмаларына өзгөртүүлөрдү киргизүү;

10) билим берүү уюмунун – эксперименталдык аянтчанын педагогдорунун квалификациясын жогорулатуунун формаларына жана методдоруна өзгөртүүлөрдү киргизүү.

17. Эксперименталдык аянтча тиешелүү билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу орган менен макулдашуу боюнча экспериментке катышкан мектептерди катыштырып, кластерлерди (билим берүү тармактары) уюштурууга укугу бар. Кластердик жалпы билим берүүчү мектептер эксперименталдык ишмердикке эксперименталдык аянтчасы бар жалпы билим берүү уюмдарынын биргелешип иш алып баруу жөнүндөгү келишимдин негизинде катыша алышат.

18. Билим берүү уюму – эксперименталдык аянтча төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) эксперименталдык аянтчанын концепциясын (программасын) жана ишмердигинин планын эксперименттин жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү жана аларды баалоо үчүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрү менен бир окуу жылынан кем эмес мөөнөткө иштеп чыгуу;

2) экспериментти ишке ашыруу түзүмүн жана аны башкаруу органын аныктоо, ал органга билим берүү уюмунун жетекчиси, мектептин усулдук бирикмелеринин жетекчилери (эксперименталдык иштин багыттары боюнча), керек болгон учурда эксперттер жана эксперименттин илимий жетекчисин киргизүү;

3) ишти белгиленген план боюнча так жүргүзүү;

4) белгиленген көрсөткүчтөр боюнча өзүн-өзү баалоо жүргүзүп жыл сайын иштин жыйынтыгы боюнча эксперименталдык аянтчанын ишмердигин көзөмөлдөгөн билим берүүнү башкаруу органына кварталдык жана жылдык отчётторду жөнөтүү.

## 5. Регионалдык (аймактык) мамлекеттик билим берүү органынын жана башталгыч, орто, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын укуктары жана милдеттери

19. Регионалдык (аймактык) мамлекеттик билим берүү органы жана башталгыч, орто, жогорку кесиптик билим берүү уюмдары төмөнкүлөргө укуктуу:

1) билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органына билим берүү уюмуна эксперименталдык аянтча статусун ыйгаруу жөнүндө өтүнмө берүүгө;

2) эксперименталдык аянтчанын ишмердигине талдоо жүргүзүүгө;

3) эксперименталдык аянтчанын ишине усулдук жана административдик колдоо көрсөтүүгө;

4) билим берүү аянтчасынын эксперименталдык ишинин жыйынтыктарын райондо/шаарда түрдүү аянтчаларда талкууга чыгарууга;

5) билим берүү аянтчасынын эксперименталдык ишинин жыйынтыктарын райондун/шаардын айрым билим берүү уюмдарына ишке киргизүү үчүн колдонууга.

20. Регионалдык (аймактык) мамлекеттик билим берүү органы жана башталгыч, орто, жогорку кесиптик билим берүү уюмдары төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) эксперименталдык ишти жүргүзүү үчүн керек болгон маселелерди өз убагында чечүү үчүн өз ара аракеттерди дайыма колдоп туруу;

2) эксперимент жүргүзүүдө уюштуруучулук колдоо көрсөтүү;

3) эксперименталдык аянтчанын ийгиликтүү ишмердигин камсыздоо үчүн (керек болгон учурда) райондо/шаарда, областта жана/же Бишкек жана Ош шаарларында жайгашкан илимий же башка уюмдардын (мекемелердин) кадрларын тартууга.

## 6. Билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын укуктары жана милдеттери

21. Билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган төмөнкүлөргө укуктарга ээ:

1) билим берүү уюмуна эксперименталдык аянтча статусун ыйгарууга;

2) эксперименталдык аянтчанын ишмердигине жана экспериментти жүргүзүүнүн сапатына мониторинг жана баалоо жүргүзүү, анын ичинде башка уюмдарды катыштыруу менен мониторинг жана баалоо жүргүзүү же аталган ишти аутсорсингге берүүгө;

3) финансылык каражаттарга аудиттик текшерүү жүргүзүүгө;

4) билим берүү аянтчасынын эксперименталдык ишинин жыйынтыктарын айрым билим берүү уюмдарына же бүткүл билим берүү системасына киргизүү үчүн колдонууга;

5) эксперименталдык иштин жүрүшүндө иштелип чыккан материалдарды басып чыгууга жана аларды Улуттук репозиторийде жана/же башка электрондук китепканада ачык лицензиясы менен эркин пайдаланууга мүмкүнчүлүгү бар формада жайгаштыруу үчүн мүлксүз укук алууга.

22. Билим берүү тармагындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) эксперименталдык ишти жүргүзүү үчүн керектүү болгон маселелерди өз убагында чечүү үчүн өз ара аракеттерди дайыма колдоп турууга;

2) райондун/шаардын, областтын же республиканын деңгээлинде эксперимент жүргүзүүдө уюштуруучулук колдоо көрсөтүүгө;

3) билим берүү уюму - эксперименталдык аянтчанын администрациясы менен биргеликте эксперименталдык аянтчанын ишмердиги боюнча маселелерди Коллегиянын кароосуна чыгарууга;

4) эксперименталдык аянтчанын ийгиликтүү ишмердигин камсыздоо үчүн (керек болгон учурда) илимий же башка жождордун же башка уюм менен мекемелердин кадрларын тартууга.

## 7. Эксперименталдык аянтчанын ишмердигин финансылык камсыздоо

23. Эксперименталдык аянтчаны каржылоо булактары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине үстүбүздөгү жылга карата каралган каражаттар;

2) уюштуруучу катары кирген жеке адамдардын, юридикалык жактардын, чет өлкөлөрдүн жана жарандардын каражаттары;

3) негизги жана кошумча билим берүү программаларынын бардык түрлөрү боюнча бюджеттен тышкары билим берүү ишмердигин жүргүзүүдөн түшкөн билим берүү уюмунун өздүк каражаттары;

4) жеке адамдардын, юридикалык жактардын өз ыктыяры менен берген каражаттары жана башка жеке адамдардын, юридикалык жактардын, анын ичинде чет элдик жарандардын максаттуу төлөмдөрү;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар.

24. Бюджеттен тышкары каражаттарды тартуу жана бюджеттик каржылоонун алкагында түшкөн каражаттарды башкаруу үчүн билим берүү уюмунун алдындагы эксперименталдык аянтча финансылык өз алдынчалуулукка (өз бухгалтериясын түзүүгө, өздүк эсебине) укугу бар.

## 8. Эксперименталдык аянтчаны жокко чыгаруу

25. Эксперименталдык аянтчаны жокко чыгаруу төмөнкү негиздер боюнча билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын чечими менен жүргүзүлөт:

1) эксперименталдык иштин аякташы, анын жыйынтыгы Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын белгилүү бир бөлүгүнө же жалпы системага толук жайылтылышы;

2) сертификаттын аракетинин мөөнөтү аяктаганда;

3) эксперименталдык иштердин программасынын натыйжасыз аткарылуусу (долбоордо көрсөтүлгөн иштердин көлөмүнүн толук эмес аткарылышы);

4) орто аралык алынган натыйжалардын жыйынтыгы менен окутуунун сапатынын деңгээлинин төмөндөшү, окуучулардын ден соолугунун абалы, эксперименталдык программаны ишке ашыруу мүмкүн эместиги жөнүндө көрсөткүчтөр;

5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бузулушу, анын ичинде окуучулардын саламаттыгын сактоодо санитардык талаптардын сакталбагандыгы, бүтүрүүчүлөрдү даярдоодо Мамлекеттик билим берүү стандартынын жооп бербегендиги.

**1-тиркеме**

## Өтүнмөнүн формасы

1. Жалпы билим берүүчү уюмдун аталышы[1]
______________________________________________________________
______________________________________________________________

2. Жалпы билим берүүчү уюмдун дареги
______________________________________________________________
______________________________________________________________

3. Жалпы билим берүүчү уюмдун директорунун аты-жөнү
______________________________________________________________

4. Мектептин/директордун байланыш маалыматтары
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

5. Мектепте окуган окуучулардын саны
______________________________________________________________

6. Бардык предметтер боюнча педагогдордун жетиштүүлүгү/педагогдордун жетишсиздиги
______________________________________________________________
______________________________________________________________

7. Окутууну уюштуруу үчүн Интернет тармагынын жеткиликтүүлүгү
______________________________________________________________
______________________________________________________________

8. Мектептин сайты, электрондук почтасы жана социалдык тармакта аккаунту барбы?______________________________________________________________
______________________________________________________________

9. Мектеп ишке ашырып жаткан программалар (инклюзивдүү билим берүү, көп тилдүү билим берүү, ж.б.)
______________________________________________________________
______________________________________________________________
______________________________________________________________

10. Эксперименталдык аянтчанын ишмердигинин пландаштырылган багыты/багыттары (Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы билим берүү уюму – эксперименталдык аянтча жөнүндө Типтүү жобонун 2.6.беренесине ылайык)
______________________________________________________________
______________________________________________________________

[1] Сураныч, суроого кененирээк жооп берүү үчүн зарыл болгон учурда саптарды кошуңуз

11. Эксперименталдык аянтчанын ишмердигинин Концепциясы (кенен баяндоо – 2-тиркеме)

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

12. Эксперименталдык аянтчанын ишмердигинен күтүлүүчү натыйжалар

___________________________________________________________________________

___________________________________________________________________________

**2-тиркеме**

**2. Жаңы билим берүү моделин / педагогикалык технологияларды / билим берүү программаларын ишке ашыруучу эксперименталдык аянтчанын ишмердигинин Концепциясы[2]**

2.1.Эксперименталдык аянтчанын ишмердигинин багыты/багыттары

2.2.Азыркы билим берүү түзүмүнө же анын элементтерине өзгөрүүлөрдүн мүнөзү жана чеги (автордук мектеп/билим берүүнүн мазмунундагы өзгөрүүлөр/окутуунун методикасындагы (технологияларындагы) ж.б. өзгөрүү) (2.2.1-тиркеме)

2.3.Окуу планындагы өзгөрүүлөр (керек болгон учурда, 2.3.1-тиркеме)

2.4.Эксперименталдык/автордук программалар (керек болгон учурда. 2.4.1-тиркеме)

2.5.Билим берүү чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөр (комплекстүү, же өзүнчө компоненттер) (баяндоо - 2.5.1-тиркеме):
- Психологиялык/социалдык коопсуздук (дискриминацияланбаган, зордук-зомбулуксуз жана толеранттуу чөйрө);
- Маалыматтык коопсуздук (саламаттыкка зыян келтирбеген маалымат тандоо жана аны менен иштөө);
- Физикалык коопсуздук (коопсуз имарат, анын ичинде өзгөчө кырдаалдар учурундагы коопсуздук, окуу жабдыктары ж.б.);
- Экологиялык коопсуздук (таза аба, таза суу, канализация, туура тамактануу, бөлмөлөрдү жарыктандыруунун жогорку сапаты, туура температура, вентиляция, энергоэффективдүүлүк ж.б.).

2.6.Эксперименттин жүрүшүн кадрдык, финансылык, материалдык-техникалык камсыздоо боюнча эсептөөлөр (таблица түрүндө, 2.6.1-тиркеме)

2.7. Эксперименттин илимий коштолушу (керек болгон учурда)

2.8. Башкалар (эксприменталдык аянтчанын ишмердигинин багытына/багыттарына ылайык)

[2] Сураныч, суроого кененирээк жооп берүү үчүн зарыл болгон учурда саптарды кошуңуз

**3-тиркеме**

3. **Билим берүү уюмдарындагы башкаруунун жана жетектөөнүн инновациялык моделдери жана/же элементтерин ишке ашыруучу эксприменталдык аянтчанын ишмердигинин конценциясы[3].**

3.1.Эксперименталдык аянтчанын ишмердигинин пландаштырылган багыты/багыттары

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

3.2.Азыркы билим берүү түзүмүнө же анын элементтерине өзгөрүүлөрдүн мүнөзү жана чеги (3.2.1-тиркеме)

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

3.3.Билим берүү уюмдарындагы башкаруунун түзүмүндөгү өзгөрүүлөр (керек болгон учурда, 3.3.1-тиркеме);

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

3.4.Билим берүү уюмдарындагы өзүнчө түзүмдөрдүн/кызматтардын функционалындагы өзгөрүүлөр

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

3.5.Билим берүү уюмдарындагы пландаштыруу процедурасы боюнча регламентти, методикалык/инструктивдик материалдарды иштеп чыгуу (керек болгон учурда);

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

3.6.Заманбап менеджмент тармагындагы билим берүү уюмдарындагы башкаруучу персоналдын квалификациясын жогорулатуунун кыска мөөнөттүү жана орто мөөнөттүү программаларын/пландарын иштеп чыгуу;

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

_______________________________________________

Жаңы муундун стандарттарын ишке ашыруу механизмин билим берүүнүн сапатын башкарууну жакшыртуу механизми катары калыптандыруу;

_______________________________________________

_______________________________________________

3.7. Педагогдордун ишмердигинин сапатын баалоо ички системасын иштеп чыгуу жана апробациялоо;

---

[3] Сураныч, суроого кененирээк жооп берүү үчүн зарыл болгон учурда саптарды кошунуз

____________________________________________________________________

3.8. Билим берүү уюмунун стекхолдер менен (өнөктөштөр менен) коммуникация стратегиясын иштеп чыгуу;

3.9. Билим берүү уюмдарындагы уюштуруу маданиятын өзгөртүү боюнча ишмердүүлүк;

3.10. Мамлекеттик аккредитацияны өткөрүү механизмдерин иштеп чыгуу (мектепке чейинки жана мектепте билим берүү деңгээлдери үчүн);

3.11. Билим берүү уюмдарынын эксперименталдык багытын ишке ашыруу боюнча ишмердигине үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү жана баалоо механизмин пилоттоштуруу

3.12. Башкалар (эксприменталдык аянтчанын ишмердигинин багытына/багыттарына ылайык)

Приложение № 2

Утверждено приказом МОН КР № 634/2

«24» мая 2019 г.

**Список**
**экспертной комиссии по отбору общеобразовательных школ**
**для получения статуса экспериментальной площадки**

1. **Н.С. Джусупбекова –** заместитель министра образования и науки, председатель;
2. **М.Дж. Усеналиев –** начальник Управления дошкольного, школьного и внешкольного образования, заместитель председателя,
3. **Т.Т. Абылкасымов –** главный специалист Управления профессионального образования;
4. **А.К. Баймуратова –** главный специалист Управления бюджетной политики и финансового анализа;
5. **З.А. Пак –** главный специалист Управления дошкольного, школьного и внешкольного образования;
6. **С.С. Мамбетова –** ведущий специалист Управления дошкольного, школьного и внешкольного образования;
7. **У.Э. Мамбетакунов –** вице-президент Кыргызской академии образования;
8. **Н.К. Дюшеева –** директор республиканского института повышения квалификации и переподготовки педагогических работников;
9. **Л.Ю. Марченко** - общественный советник министра образования и науки;
10. **М.Ю. Глушкова** - директор Центра социальной интеграции;
11. **Ю.А. Красницкая –** директор школы-гимназии № 13 г. Бишкек.